DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 7, 2020

ФИЛОЛОГИЯ ИЛИМДЕРИ
ФИЛОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ
PHILOLOGICAL SCIENCES

Токошева Ж.А.

МАХМУД КАШКАРИНИН «ДИВАН-И ЛУГАТ АТ-ТҮРК» ЭМГЕГИНДЕГИ КЭЭ БИР ЖЫЛКЫ АТТАРЫНЫН БҮГҮНКҮ КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕ КОЛДОНУЛУШУ

Токошева Ж.А.

ПРИМЕНЕНИЕ В СОВРЕМЕННОМ КЫРГЫЗСКОМ ЯЗЫКЕ НЕКОТОРЫХ НАЗВАНИЙ ЛОШАДЕЙ ИЗ РАБОТЫ МАХМУДА КАШГАРИ «ДИВАН-И ЛУГАТ АТ-ТЮРК»

Zh.A. Tokosheva

APPLICATION OF HORSE NAMES IN THE MODERN KYRGYZ LANGUAGE FROM THE WORK OF MAHMUD KASHGARI «DIVAN-I-LUGAT-AT-TURK»

УДК: 81'373. 001:4

Түрк элдеринин орто кылымдагы орток илимпозу, улуу түрколог, тилчи Махмуд Кашкаринин "Диван-и лугат ат-түрк" эмгегинде эскерилген сөздөрдүн дээрлик көпчүлүгү бүгүнкү кыргыз тилинде өзгөрбөстөн байыркы формасында колдонулуп жүргөндүгү илим чөйрөсүндө белгилүү. Бул макалада Махмуд Кашкаринин "Диван-и лугат ат-түрк" эмгегинде аты аталган жылкыга тиешелүү сөздөр кыргыз тили менен салыштырылып, андагы окшоштуктарды аныктоо максаты алдыга коюлуп, айрым сөздөргө талдоо жүргүзүлдү. Мына ошол максатты жүзөгө ашырууда бир топ абройлуу илимий булактар пайдаланылды. Салыштыруу анализинин негизинде байыркы түрк жана кыргыз тилдериндеги: кызгул ат-(кызылт ат), букрул ат-ала (буурул ат), азгыр - (айгыр), кудузгун - (куюшкан), укрук - (укурук) жана башка ушул сыяктуу сөздөрдүн тарыхый-семантикалык байланышы мунун далили болуп эсептелет.

***Негизги сөздөр**: лексика, сөздүк курам, активдүү фонд, жылкы, лексикалык маанилер, кыргыз тили, түрк тилдери.*

Многие слова в работе великого ученого и тюрколога тюркоязычных народов Махмуда Кашкари "Диван-и лугат ат-түрк" используются в современном кыргызском языке в их первоначальной форме. В настоящей статье сравниваются слова, относящиеся к лошадям, в произведении Махмуда Кашгари «Диван-и лугат ат-тюрк» с кыргызским языком, а также для того чтобы выявить сходства между ними были проанализированы некоторые слова. В рамках достижения этой цели были использованы многие авторитетные научные источники. В данной статье рассматривается применение некоторых название лошадей из работы Махмуда Кашкари "Диван-и лугат ат-түрк" в современном кыргызском языке, и толкавание некоторых слов. В статье говорится о том, что подавляющая часть название лошадей в современном кыргызском языке уходит своими корнями в древние времена. На основе сравнительного анализа затрагивается историко - семантическая связь следующих слов, имеющих тюркское происхождение: кызгул ат-(кызылт ат), букрул ат - ала (буурул ат), азгыр – (айгыр), кудузгун – (куюшкан), укрук - (укурук) и другие.

***Ключевые слова**: лексика, словарный состав языка, активный фонд, лошадь, лексические значения, кыргызский язык, тюркские языки.*

Many words in "Divan-i-lugat-at-Turk" are used nowadays in the modern Kyrgyz language in its initial form, the work of the great scientist and turkologist of the Turkic-speaking nations. The article analyzes some words and aims at revealing the similarity of the vocabulary concerning a horse in the work of Makhmud Kashkari "Divani lugat-al-Turk" with the Kyrgyz language. Many scientific sources were used in order to achieve these goals. This article discusses the use of certain horse names from the work of Mahmud Kashgari "Divan-i lugat at-Turk" in the modern Kyrgyz language and the interpretation of some words. The article says that the overwhelming majority of horse names in modern Kyrgyz language are rooted in ancient times. A comparative analyses will indicate a historical connection with the words Turkic origin such as: kyzgul at - (kyzgylt at),

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

bukrul at – ala (buurul at), azgyr – (aigyr), kuduzgun – (kuiushkan), ukruk – (ukuruk) and others.

***Key words**: lexis, vocabulary of the language, active foundation, horse names, lexical meaning, Kyrgyz language, Turkic languages.*

XI кылымдагы жазма эстеликтеги сөздөрдүн фонетикалык өзгөчөлүктөрүн, сингармония кубулушун азыркы кыргыз тилиндеги фактылар менен изилдеп, алардын лексикалык-грамматикалык маанилериндеги өзгөрүүлөрүн аныктап, ал өзгөрүүлөрдүн себептерин ачып берүү макаланын негизги максаты болуп саналат. Махмуд Кашгари колдонгон сөздөрдүн тематикалары кесипчиликке байланышкан сөздөр, жаныбарлардын аталышы жөнүндө, анын ичинде жылкыга тиешелүү болгон аталыштарды азыркы кыргыз тилине салыштырып иликтөө жүргүзүлөт.

Махмуд Кашкари – орто кылымдардагы өз доорунун чыгааны, энциклопедист-аалымы. Барскандык мекендешибиз Ысык-Көлдүн жээгинде чоңоюп, кылымдарга калтырган, өлбөс өчпөс эмгегин жараткан. Анын азыркыга чейин эң кымбат баалаган "Диван-и лугат ат-түрк" аттуу жыйнагы болуп саналат.

Окумуштуулардын болжолуна караганда Махмуд Кашкари 1029-1038-жылдарынын аралыгында туулуп, "Диванды" 1072-жылы баштаган да, 1078-жылы бүткөн деген корутундуга келген изилдөөлөр бар [18, 21-22-бб.]. Ал – түрк илиминин негиздөөчүсү, салыштырма-тарыхый тил илиминин башатында турган түрколог. Анын эмгегин А.Н. Кононов: "Салыштыруу ыкмасын илимий принцип катары негизге алган түрк тилдеринин чыныгы энциклопедиясы", - деп баалаган [8, 12-б.]. Махмуд Кашкари – тил илиминин тарыхында салыштыруу методун эң биринчи колдонгон илимпоз. Ал жазган "Диван-и лугат ат-түрк" эмгеги түрк тилдүү элдердин лексикалык байлыктарын чогултуп, ал сөздөрдү бири-бирине салыштырып изилдеген.

Жылкы – сыңар туяктуу жаныбар. Түрк тилдеринде сүйлөгөн уруулардын элдик оозеки чыгармаларында адамдар менен сыйкырдуу касиетке ээ болгон жаныбарлардын байланыштары жөнүндө өзгөчө көп айтылат. Узак убакыт бою көчмөн турмушта жашаган кыргыз эли атты биринчи катарга коюп, аны акылдуу айбан катары эсептешкен, абдан баркташкан. "*Ат адамдын канаты*" – деген кыргыз макалы бекеринен калган эмес. Адамдардын байыркы тотемдик ишенимине негизделген кереметтүү жаныбарлар жөнүндөгү мифтик түшүнүгү тулпар аттардын образында толук сакталып калган [15, 87-б.]. Кыргыздар көчмөн турмушта жашоо менен бирге мал чарбачылыгы менен да алектенишкен. Махмуд Кашкаринин сөздүгүндө жылкыга тиешелүү: *йилки, тай, кысрак* ж.б. сөздөр киргизилип, кээ бир фонетикалык өзгөчөлүктөр сакталган [16, 87-б.].

Эмгекте жылкылардын түстөрүнө карата ажыратылат. Бул аталыштардын көпчүлүгү азыркы кыргыз тилинде кездешет. Кээ бир жылкылардын түспөлдөрү башкачараак айтылат. Кыргыз элинде жылкынын жаңы туулганы-*кулун*, бир жашка чейин - *жабагы*, бир жашы-*тай*, бир жарым жашы – *кунан*, эки жашы - *бышты*, *жаңы асый, эки асый* ошентип эсептелип кете берет. Ал эми ургаачысы бир жарым жашаары – *кунан байтал*, үч жашаары – *бышты байтал*, *байтал бээ* деп аталып кете берет [15, 87-б.]. Л.Будагов жылкынын эки жашарын *конан - жеребенок двухгодовалый* [2, 95-б.] деп түшүндүрмө берет.

Кунан бекен, тай бекен,
Кууса кайдан жетти?! - деп, [9, 107-б.] "Дивандагы" аттарды ажыратып, өңү-түсүнө карап айтууда "Манас" эпосунан мисалдар келтирилди. Окшоштуктарын жана кээ бир айырмачылыктарын салыштырабыз.

Азгыр – айгыр [7, 203-б.]. "*Биздин айгырлардын бирине каратчу эмес эле бу кайдан деп таң калышты. Кула бээ эки жыл туубай жүрүп дагы эки жыл жоголуп кетип, дагы кийинки жазда бир жээрде кулун ээрчитип келди"* [3, 88-б.].

Ат – ат, жылкы жаныбары [5, 103-б.]. Макалда мындай деп келет: "куш канатын ер атын" - куш канаты (менен), эр аты (менен). Куш канаты менен көздөгөн максатына жетет, адам аты менен жетет (макал).

Бош йылкы – бош (адашкан) жылкы [7, 581-б.]. "*Кошуун жаралууларын терип, ээсиз калган аттарды кармап, дагы калың бир тобу өлгөндөрдү калың өлүктүн арасынан издеп терип жерге берип, анан асаба – желектерин таянып, жүз башылап эс алууга жатып калды*" [3, 193-б.].

Букрул ат–ала (буурул) ат [7, 827-б.]. *Буурул ат кызыл кан болду, кырылышта кырылган эсеп жеткис жан болду* [3, 443-б.]

М: *Торудан тандап жылкы алып,*
Торгун, тубар мүлк алып,
Буурулдан тандап жылкы алып,
Буулумдан тандап мүлк алып, [11, 25-б.].

Ерик – жорго.
М*: Бара жатсак жолумда*
Ээр токум жайлаган,
*Эки **жорго** туруптур*
Ээликтирип байлаган. [9, 224-б.].
Йилки – жылкы . [6, 766-б.].
М: *Жакып байдын жылкысы*

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

Укурук, жүгөн тийбеген
Үркүп жүрөт асоосу [9, 233-б.].

Күлүн – кулун.

М: *Бир ак сур күлүн туудуруп,*
Олтурган экен бай Жакып
Шыйрагын оңдоп шыпырып,
Тумшугун сыгып, телчитип, [9, 143-б.].

Кызгыл ат – кызгылт ат [7, 829-б.]. "*...жүзү – жүздүктөй кара, маңдайында агы бар, жүзү ак, куйруктары кара, жүзү – сары кызыл, жүзү – алма чаар, жүзү күрөң кызыл ...". Өнөрлүүсүн ашка чаап жиберип, өкүм кара ат калыптыр. ...Керкашка менен Торгашка, Кергашканы байгеге чаап ийиптир, Торгашка топто калыптыр* [3, 258-336-бб.].

Кысрак – жаш байтал (кысыр байтал) [7, 815-б.]. "*Туу байталдан сойдуруп, от ордундай даңкандан отуз-кырктан койдурду*" [3, 363-б.].

Огур ат–кашка ат ат [7, 133-б.]. *Тору кашка ат күлүк жылкы эле* [4, 362-б.].

Огут ат – кашка ат [7, 133-б.].

Ой ат – кара тору ат [7, 127-б.]. *Анын артынан тогуз миң бирдей тору атты бир бөлөк, тогуз миң бирдей кара атты бир бөлөк, тогуз миң бирдей кула атты бир бөлөк айдап келди* [3, 462-б.].

Өкүш – азоо, "өкү йылкы" – азоо жылкы [7, 147-б.]. *Жаңы үйрөтүлгөн азоо ат минип, шамал менен жарышып, баатырлык, адамгерчилик, элдин иши, эр жигиттин милдети сыяктуу кыргыз куралдангандан бери даңазаланып келаткан улуу сөздү укту* [4, 468-б.].

Тай – тай [5, 119-б.].

М: *Ачып көздү жумганча*
Бир тору тай келип калыптыр.
Тай өткөн жашы кунандыр, [9, 163-б.].

Текүзлүк – кашкалуу ат [7, 865-б.].

Төсен – үйрөтүлбөгөн, аңоо тай [7, 701-б.]. *"Бул тарапта өз элим, кооп санабай **азоо** үйрөтүп, желе байлап сайрандап жатар жер экен", - деп тамшанды эр Манас* [3, 170-б.].

Торыг ат – боз ат. *Исхак булуттай акбоз аргымактын тизгинин саал жыя кармап, Анжиян капкасын ойлуу тиктеп, бирпас токтоло калды* [4, 536-б.]

Тугуз ат – таза маңдайында кашкасы бар ат [7, 653-б.] – *Асписи, - жылкы, карагашка, кергашка, айгашка, чалкуйрук, жээрде, чабдар тобурчак, тору кашкалар тура* [3, 258-б.].

Чылкуу ат – тоң сары түстөгү ат. *Темирдин минген соорусу чаар, ак көз, сары жорго эле* [4, 335-б.].

Кайра жаачу булуттай
Каары жүзүнө айланып,
Аксаргыл минип болкоюп,
Накери кийип чойкоюп,
Сыр найза колдо койкоюп,
Сырттан Манас жөнөлдү [10, 99-б.].
Башында тулум чачы бар,
Сары буурул аты бар,
Сайкал чыкты каркыбар [10, 97-б.].

Токум – союла турган жаныбар, көбүнчө жылкыга карата айтылат [7, 691-б.]. Кыргыз тилинде *токум* ээр аттын токулгасы, *ээр токум* делет.

М.: *Токсон эки жөө жаткан*
Тандап атты кармашып,
Эбактан бери жыйылган
*Ээр-**токум** тандашып* [9, 231-б.].

Ал эми *согум* союла турган жаныбар, көбүнчө жылкыга карата айтылат [1, 708-б.].

М.: *Көрүндү жакшы баарысы,*
*Кышта **согум** болсун — деп,*
Беш-алты бээ карысы,
Шашкеде барып ушулар
Жылкыга көзүн салышты [12, 261-б.].

"Манас" эпосунда атты сүрөттөөдө *кызыл* түстү бир канча аталыштар менен айтылат. Мисалы: *кочкул кызыл, кыпкызыл, кызыл, мала кызыл, күңүрт кызыл, кызгылтым, агыш кызыл, чийки түстө, кызгылт түстө, кочкул тору, чоктой тору, тору, агыш тору, күңүрт, мала тору, жээрде кызыл, чум кызыл* деп кыргыз элинде аттарды сүрөттөп ажыратат. "Дивандагы" жылкыга тиешелүү сөздөр азыркы кыргыз тилинде да айтылат жана окшоштуктары бар. Мында кээ бир тыбыштардын алмашып айтылышы, кээде үндүүлөр айтылбаса деле маниси окшош болуп, бир түшүнүк берген учурлары да кездешет.

Ат жабдыктарынын өзүнө тиешелүү аталыштары бар. Аттын ээр-токумдарын, ат жабдыктарын – ат жасалгалары делет. Аларды колунан көөрү төгүлгөн усталар жасайт. Эмгектен ат жабдыктары боюнча мисал келтиребиз.

Кудузгун - куюшкан [7, 881-б.]. "*Кыздарынын сөйкөлөрү алтындан, өтүк өкчөлөрү, тумарлары күмүштөн, жигиттердин киселери менен өтүк өкчөлөрүнө, минген аттарынын ээр каштарына, жүгөн, **куюшканына**, көмөлдүрүк, чап олоңуна күмүш чабылган, келиндеринин чачпак, күбөктөрү күмүштөн, кемпирлери элечектерине алтындан кыргак тартынып, аксакалдары күмүш кемер курчанат*" [3, 32-б.].

М.: *Аккуланын жарагы,*
Аңдап көрсө ал дагы
Куюшкан, олоң, басмайыл
Ар кайсысын кыскартып [13, 163-б.].

Көмөлдүрүк – басмайыл [7, 897-б.]. *Көгала тул-*

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

пардын ***көмөлдүрүгүн*** *кыскартып, куюшканын узартып, басмайылын бек тартып, чап олоңун баш тартып* [3, 406-б.].

Укрук – укурук [7, 211-б.]. Макалда мындай деп келет: "тагыг укрукын екмес, теңизни кайгыкын бөгмес" - тоону укуругуң ийе албас, деңизди кайыгың бөгөй албас.

М.: *Кошо кетти, караса,*
Укуруктун башына.
Бекем башка чабылды,
Мээ укурукка жабылды [9, 204-б.].

Утгун – куткун, басмайыл. Ээрдин алдыңкы кашынын сол жагына тагылуучу кол канжыга [7,223-б.].

М.: *Жүгөнүн кармап жүгүрүп,*
Жөө жүргөнү дагы бар.
Кай бирөөнө карасаң,
Тердиктерин колтуктап,
Тегеренген чагы бар [10, 83-б.].

Эмгектеги жылкылардын түспөлүнө карап ажыратылышы: *сип*-экинчи жылга караган тай; *ыкылач* – күлүк нары ойноок ат; *карыш* – аттын жалы; *булак ат* – кичинекей бойлуу үстү жайык, кең соорулуу ат; *кевел ат* – сонун эң жакшы ат; *түлеек йылкы* – түлөгөн жылкы; *саргаа ат* – өжөр ат; *чылкуу ат* – тоң сары түстөгү ат; *кеткии ат* – көкүрөктүү, кең далылуу ат; *мундуз йүрига ат* – жорго басышта жүргөн ат; *кысрак* – жаш байтал (кысыр байтал); *буктал ат* – жоон белдүү ат; *букрул ат* – ала (буурул) ат; *таргыл йылкы* – таргыл жылкы; *кызгул ат* – кызгылт ат; *кершегү ат* – мойнунда жарасы бар ат; *текүзлүк* – кашкалуу ат; *озок* – чыгаан, озгон; *ала ат* – ала ат; *ыкылач* – күлүк нары ойноок ат; *сечүк* – чечик ат, чечилген бош ат; *саргаа ат* – өжөр ат; *ар кун* – аргын; *ой ат* – кара тору ат; *ел* – ат, жылкы; *өр ат* – ток кызыл, сары түстөгү жылкы; *сип* – экинчи жылга караган тай; *кыр ат* – семиз ат; *бүл ат* – ак туяктуу ат; *качут* – ат, жылкы; *тугуз ат* – таза маңдайында кашкасы бар ат; *көмүш* – күң кыздарга берилген ат; *торыг ат* – боз ат; *туруг* – ат, жылкы ысмы; *карыш* – аттын жалы; *аркун* – аргын ж.б.

ДЛТтөгү ат жабдыктардын берилиши: *ичлик* – кыргызча ичилик, ээрдин астына салынуучу тердиктин ичкилиги; *өртүк* – жабуу, ээрдин жабуусу; *өмзүк* – ээрдин алдыңкы жана арткы каштары; *азрым* – ээрдин капталына коюлуучу кийиз, тердик, желдик; *четген* – тизгин, жүгөн; *сыпакур* – торбо; *утгун* – куткун, басмайыл; *уча* – уча (жылкыдан чыгарылган устукан); *улук* – жылкынын жону; *кысмак* – аттын тизгини бекилүүчү эндүү кайыш; *кысмак* – аркан, илмек ж.б. ушул сыяктуу жылкынын, ат жабдыктардын аттары эмгекте берилген. Алардын басымдуу бөлүгү калк арасында айтылып келет. Элибиз жылкыны аздектеп, барктаган. Эмгекте жылкыга тиешелүү макалдар кезигет. Түгөлбай Сыдыкбеков эмгектеги макалдар боюнча мындай дейт: "...китепте, бул макалдар байыркы тилибизде айтылат. Эч айырма жок. Арийне, айрыкча, кыска, так айтылган сөздүн каухары – макал, лакап ар бир элде мааниси жакын болору талашсыз. Ошентсе да, элибиз айткан: - "Жылкы аласы сыртында, киши аласы ичинде"- деген бүгүнкү макалы мындан тогуз жүз жыл мурда жазылган китепте эч бузулбай, дал ушундай жазылганы бизди кубантпай коё албайт" [17, 54-б.]. Кыргыз эли жылкыны барктап, атка байланыштуу бир нече макалдар эл оозунда айтылып келет. "Диванда" "*Карындыз болсо, ат өлбөс, "Куш канатин, эр атын", "Киши сөзлшү йилки йизлешү", "Арпасыз ат ашумас, аркасыз алп черик сыйумас",* кыргыз элинде *"Карындыз болсо, ат өлбөс", "Куш канаты менен, эр аты менен", "Киши сүйлөшкөнчө, жылкы кашынашканча", "Арпасыз ат ашалбайт, аркасыз алп (жоого аттанбас) жеңе албайт"* сыяктуу макалдар эл оозунда айтылып келет. Канча кылым өтсө да "Дивандагы" макалдардын маанилери өзгөрүлбөстөн азыркы кыргыз тилинде жашап келе жаткандыгын жогоруда мисалдар менен салыштырылды. Махмуд Кашгаринин "Диван-и лугат ат-түрк" эмгеги менен байыркы кыргыз тилинин окшоштугу, көп сөздөр мааниси жагынан дал келгендиги тууралуу академик Т.Сыдыкбековдун "Тарых жана Манас" аттуу макаласында: "XI кылымда Махмуд Кашгари түзгөн "Девони лугати түрк",- "Байыркы түрк сөзүнүн жыйнагы" азыркы кыргыз тилине салыштыра келгенде өзөгү эң жакын" [17, 36-б.].

Жыйынтыгында, эмгек менен жандуу кыргыз тилиндеги жылкыга тиешелүү аталыштарды салыштырууда окшоштуктарды аныктоо максатын алдыга койгонбуз. Мына ошол максатты жүзөгө ашырууда бир топ абройлуу илимий булактарды пайдаланып, алар салыштырма-тарыхый методдун негизинде изилденип, натыйжада бай материалдар топтолду. Анда келтирилген фактылардын жыйынтыгында кыргыз тили жана "Дивандагы" жылкыга тиешелүү аталыштар жалпы экендиги белгилүү болду.

Адабияттар:

1. Будагов Л.З. Сравнительный словарь турецко-татарских наречий [Текст] / Л.З. Будагов - Санкт-Петербург: Типография императорской АН, Т.1. 1869. - Т.1. - 829 с.
2. Будагов Л.З. Сравнительный словарь турецко-татарских наречий [Текст] /Л.З. Будагов. - Санкт-Петербург: Типография императорской АН, 1871. Т.2. - С. 95.
3. Жакыпбек А. Теңири Манас [Текст]: роман / Ашым

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

Жакыпбек. - Бишкек: Кыргызстан, 1995. - 88-193-258-363-336-443-бб.
4. Касымбеков Т. Сынган кылыч [Текст] / Т. Касымбеков. - Фрунзе: Мектеп, 1990. - Т. 1. - 736 б.
5. Махмуд Кашкари. Давану лугати-т-түрк [Текст]: түркий тилдер сөз жыйнагы. / Махмут Кашкари; котор. И.Абдувалиев, Т.Ахматов, А.Оморов ж.б. - Жалал-Абад: [б-сыз], 2016. - Т.3. - 103-б.
6. Кашгари Махмуд. Диван Лугат ат Турк [Текст] / М.Кашгари. / Орусчага котор. З.-А.М. Ауэзова. - Алматы: 2005. - С. 766.
7. Кашгари Махмуд Түрк тилдеринин сөздүгү – Дивану лугати-т-түрк [Текст] / М.Кашгари. / Котор. Т.Токоев, К.Кошмоков. - Бишкек: [б-сыз], 2011. - 1-т. 133-581-815-827-бб.
8. Кононов А.Н. Махмуд Кашгарский и его “Дивану лугат ит-турк” [Текст] / А.Н. Кононов // Сов. тюркология. - 1972. - №1. - С. 12.
9. Манас: Кыргыз элинин баатырдык эпосу: Сагынбай Орозбаковдун варианты боюнча академиялык басылыш. 1-китеп. - Бишкек, 1995. 107-143-224-233-бб.
10. Манас: Кыргыз элинин баатырдык эпосу: Сагынбай Орозбаковдун варианты боюнча академиялык басылыш. 2-китеп. - Бишкек, 1995. -99-б.
11. Манас: Кыргыз элинин баатырдык эпосу: Сагынбай Орозбаковдун варианты боюнча академиялык басылыш. 3-китеп. - Бишкек, 1995. - 25-б.
12. Манас: Кыргыз элинин баатырдык эпосу: Сагынбай Орозбаковдун варианты боюнча академиялык басылыш. 4-китеп. - Бишкек, 1997. 261-б.
13. Манас: Кыргыз элинин баатырдык эпосу: Сагынбай Орозбаковдун варианты боюнча академиялык басылыш. 6-китеп. - Бишкек, 2006. 163-б.
14. Манас: Кыргыз элинин баатырдык эпосу: Сагынбай Орозбаковдун варианты боюнча академиялык басылыш. 8-9-китеп. - Бишкек, 2014. - 802 б.
15. Менин жерим – Кыргызстан [Текст] / түз. Б.А. Мураталиев, З.Ж. Мамбетова, Р.К. Султангазиева. - Бишкек: Жаштарды узантуу ресурстары коомдук фонду, 2013. - 87-б.
16. Осмоналиева Б. Об отражении лексики киргизского языка в словаре Махмуда Кашгари «Дивану лугат ит-тюрк» [Текст] / А.Н. Кононов // Сов. тюркология. - 1972. - №1. - С. 87-б.
17. Сыдыкбеков Т. Мезгил сабактары [Текст]: адабий-публ. Макалалар / Т. Сыдыкбеков. - Фрунзе: Кыргызстан, 1982. - 54-б.
18. Толубаев М. Булактын көзүн ачканда [Текст] / М. Толубаев // Мурас. - 1991. - №3. - 21-22-б.